**«Б Е К И Т Е М»**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун директору, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор Тогусаков О.А.**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Саясат таануу бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынынын № ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

**Бишкек ш.** **2017-жылдын 18-октябры**

**Катышкандар**: Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Саясат таануу бөлүмүнүн башчысы, философия илимдердин доктору, профессор – А.К. Жусупбеков; саясий илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков (23.00.02); саясий илимдеринин доктору Т.Т. Шаболотов (23.00.02); саясий илимдеринин доктору, профессор А.А. Сабиров (23.00.02); саясий илимдеринин кандидаты К.Ч. Султанбеков (23.00.02); философия илимдеринин кандидаты Х.А. Абдужапаров; кенже илимий кызматкер А.Илебаева; илимий кызматкер М.М. Шамшибаев; Институттун илимий кызматкери, философия илимдердин кандидаты А.А. Смутко.

**Изденүүчү**: Есенов Уланбек Аскаралиевич.

**Төрагалык кылуучу**: Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Саясат таануу бөлүмүнүн башчысы, философия илимдердин доктору, профессор – А.К. Жусупбеков.

**Катчы**: философия илимдердин кандидаты А.А. Смутко.

**Күн тартиби**: Есенов Уланбек Аскаралиевич: “Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)” деген темада 23.00.02 – саясий институттар; процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга диссертациясын талкуулоо.

**Угулду**:Урматтуу кесиптештер! Бүгүнкү жыйын изденүүчү У. Есеновдун “Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)” деген темада илимдин доктору окумуштуулук даражасын алууга диссертациялык изилдөөсүн талкуулоого жана коргоого сунуштоого арналып жатат.

Доктордук диссертациянын темасын Окумуштуулар кеңеши саясий илимдеринин 23.00.02 – саясий институттар; процесстержана технологиялар адистиги боюнча бекитилген. Ошого байланыштуу монографиялык эмгек Институттун саясат таануу бөлүмүндө аткарылды.

Мындай укукту көңүлгө алуу менен Кыргыз Республикасынын ЖАКтын Жобосуна ылайык диссертантка бул тематиканы илимий кеңешчинин катышуусу менен изилдөөгө мүмкүндүк берилген. Атап айтканда, илимий эмгек саясий илимдеринин доктору, доцент Канатбек Азиздин жетекчилиги астында аткарылды. Жыйын өткөрүүгө кворум бар, эгерде каршы болбосоңуздар, диссертант Есенов Уланбек Аскаралиевичтин өзүнө сөз берүүгө уруксат этиңиздер.

**Изденүүчү У. Есенов**: Урматтуу төрагалык кылуучу, урматтуу кесиптештер, сиздерди: "Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)" деген темадагы диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору менен тааныштырууга уруксат этиңиздер.

Урматтуу кесиптештер, өзүңөр билгендей Советтик союздун кыйралуусунун жакындоосу менен Кыргызстан башка көптөгөн өлкөлөрдөй эле президент институтунун негизделүүсү тууралуу чечим кабыл алды.

Постсоветтик мамлекеттердин саясий тарыхы саясий элиталар үчүн мындай институттун түзүлүүсү ишенимдүү болгондугун тастыктайт. Анткени ал 1991-жылдагы россиялык, украиналык жана белоруссиялык жетекчиликтердин СССР катары өлкөнүн жок болуусу тууралуу декабрьдагы чечиминен көз карандысыз түрдө сакталып келген.

Ошону менен биргеликте президенттик бийликтин чектеринин так аныкталуусунун жоктугуна байланыштуу президент институтунун ошол мезгилдеги советтик мамлекеттердин демократиялык формасына саясий трансформациясынын катализатор ролун аткаргандыгына карабастан саясий истеблишмент саясий катаклизмдер, президент менен парламенттин ортосундагы мамилелердин курчуусу менен кагылышты. Ошентип, суверендүү Кыргызстан, 1993-жылдын 5-майында биринчи улуттук Конституцияны [Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 1993-жылдын 5-майында он экинчи чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин он экинчи сессиясында кабыл алынган кабыл алгандыгына карабастан, 1994-жылдын сентябрь айында Кыргыз Республикасынын биринчи президентинин демилгеси менен өлкөнүн Башкы мыйзамы парламенттин түзүмүн өзгөртүү бөлүгүндө өзгөртүүлөргө дуушар болду. Бирок мамлекет башчынын чыныгы максаты легендарлуу парламентти бошотууда болгон.

Тилекке каршы, тарых көрсөткөндөй, белгиленген реформа президенттик бийликтин модернизацияланаусунун башы гана болгон. Тигил же бул социалдык, саясий жана башка себептерге шилтеп отуруп, биздин өлкөбүздүн Конституциясы көп жолу «жасалууга» дуушар болду. Мисалы, бүгүнкү күндө да Кыргызстан президенттик башкаруунун өзүнүн улуттук моделин негиздеген жаңы редакциясынын кабыл алуусунун босогосунда турат.

Албетте мындай саясий стабилдүүлүктүн жоктугу Кыргызстанда гана болгондугу тууралуу пикир бул жаңылыштык болуп эсептелет. Россияда бир нече жолу биринчи президент Б. Ельцинди бийликтен четтетеүү боюнча аракеттер жасалган. Жыйынтыгында 1999-жылдын 31-декабрында саясий кризиске шилтеп, ал отставкага кеткен. Эки президентке (А. Муталибов и А. Эльчибей) президенттик карьрасын токтотууга Азербайджандагы саясий элиталарага аракетттери ишке ашырылат. Грузияда оппозициянын басымы астында мамлекет башчысынын кызматынан Э. Шеварнадзе кетет. Армения Республикасынын премьер-министр кызматында экс-президент С. Саргсян дагы кармалып калуусу мүмкүн болгон эмес. Н. Пашиняндын жетекчилиги астында оппозициялык блок мындай кырдаалды эки мөөнөттөн ашык президент кызматында болууга тыюу тууралуу Армения Республикасынын Конституциясына чектөөнү киргизүү мүмкүнчүлүгү катары баалып, С. Саргсянды отставкага кетүүгө мажбур кылат.

Изилдөөнүн темасынун актуалдуулугун негиздөө менен Кыргызстандын саясий тажрыйбасы тууралуу үн чыкпай коюу туура эмес болмок. Кыргызстандын биринчи президенти Аскар Акаев, кийинки президенттер Курманбек Бакиев жана Сооронбай Жээнбеков мамлекет башчысы кызматынан мөөнөтүнөн мурда кеткендиги баарыбызга белгилүү. Бирок башкы суроолор алардын бирөөсү даг президенттик ордунан кеткен эместиги отставканын саясий укуктук жаратылышынын өзү өз ыктыярдуулуктун жоктугун

белгилүү. Бирок башкы суроолор алардын бирөөсү даг президенттик ордунан кеткен эместиги отставканын саясий укуктук жаратылышынын өзү өз ыктыярдуулуктун жоктугун көрсөттү. Кыргыз мамлекетинин башчысынын кызматын эсеби боюнча биринчи жана экинчи болуп ээлеген өлкө башчылары кийинчерээк «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусунан айрылышкандыгы монографиялык изилдөөнүн жүргүзүү чечимин күчтөндүрүп, бекемдеди.

Алмазбек Атамбаевдин президенттик мөөнөтүнүн аяктоосунан кийин пайда болгон кырдаалды өзгөчө өз алдынча жол катары белгилөөгө болот. Кыргыз парламенти тез арада Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын президентинин ишмердүүлүгүнүн кепилдиктери жөнүндө» мыйзамына толуктолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү менен аны жоопкерчиликке тартуу максатында импичмент процедурасы аркылуу анын ээ болгон «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусунан ажыратат.

Албетте, муруңку президенттерди жоопкерчиликке тартуу тажрыйбасы Кыргызстанда гана эмес, башка чет мамлекеттерде да болгон. Мындай учурлар ошол эле белгиленген Арменияда, Францияда жана Түштүк Кореяда болгон. Бүгүнкү күндө мурунку мамлекет башчыларын жоопкерчиликке тартуу нормалдуу көрүнүш болуп эсептелет.

Президенттик бийликтин мөөнөтүнүн мурда токтотулуу институтун ишке ашыруудагы аз эмес суроолор иштеп жаткан мамлекет башчыларынын каза болгон учурунда жана айыккыс оорулуу болгондо пайда болот. Анын айкын далили катары И.А. Каримовдун каза болгондон кийин, айыккы оорулуу учурунда эмес, президенттик ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу эсептелет.

Ошентип, жогорудагынын баары президенттик ыйгарымдардын мөөнөтүнөн мурда токтотулуу суроолорундагы саясий укуктук кемчиликтердин бар болуусун тастыктайт.

Диссертациялык изилдөөнүн объектисин айтсак, аны биз саясий системанын алкагында президент институтунун түзүлүшү жана Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жана анын ишмердигин уюштуруу менен байланышкан саясий жана укуктук мамилелер түзүшөт деп аныктаганбыз.

Диссертациялык изилдөөнүн предмети боюнча айта кетсек, ал сөзсүз президент институтунун табиятынын саясий жана укуктук аспектилери, Кыргыз Республикасынын Президентинин саясий жана укуктук макамы, анын мөөнөтүнөн мурда отставка кетүүсүнүн саясий укуктук мааниси деп эсептегенбиз.

Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана анда коюлган маселелер. Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты – азыркы Кыргызстандагы президент институтунун саясий-укуктук табиятын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин саясий системадагы ордун аныктоо менен Кыргыз Республикасындагы президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институтунун ишке ашырылуусундагы көйгөйлөрдү чечүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Коюлган максатка жетишүү үчүн бир катар илимий маселелерди чечүү каралган. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

–Президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институтунун түшүнүгүн жана анын маани-маңызын талдоо;

–Мамлекеттеги башкаруу формасына ылайыктуу президент институтунун саясий табиятын жана ордун изилдөө;

–Кыргызстанда президент институтунун калыптануусунун тарыхый аспектилерин жана саясий факторлорун изилдөө;

–Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун жана анын ишмердигин уюштуруунун саясий жана укуктук негиздерин талдоо;

–Кыргыз Республикасынын Президентинин конституциялык ыйгарымдарын талдап чыгуу;

–Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик бийликтин жогорку органдары менен болгон өз ара аракеттешүүсүн талдап чыгуу;

–Кыргызстанда башкаруу парламенттик башкаруу формасынын жакшыртылуусунун контекстинде президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институтунун өнүгүүсүнүн перспективалары жана саясий факторлору боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын мүнөздөөчү төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

– жаңы илимий талаптардын алкагында ата-мекендик саясий илимде биринчи жолу мамлекеттик башкаруунун республикалык формасынын кыргызстандык моделинин автордук концепциясы иштелип чыкты;

– «президент» түшүнүгүнө автордук аныктама берилди;

– «президенттин бийлигинин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институту» түшүнүгү боюнча автордун позициясы аныкталды;

– АКШ, Европа, Латын Америка жана Азия өлкөлөрүндө президент институтунун типтүү жана типтүү эмес моделдери талдоого алынды;

– президенттик республиканын негизги белгилери жана анын өнүгүү тенденциялары аныкталды;

– республикалык башкаруунун түрлөрүнүн тигил же бул типтеринин ишке ашырылышынын натыйжалуулугу биринчи кезекте элдин (бийликтин булагы катары) өзүнүн бир катар тарыхый, улуттук жана маданий шарттарына жараша боло тургандыгы далилденди;

– Кыргызстанда президент институту киргизилген учурдан тартып, азыркы мезгилге чейин өткөрүлгөн саясий жана конституциялык реформалардын тиешелүү этаптары бөлүнүп чыгарылды;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлигинин жогорку органдарынын ич ара аракеттерин башкаруунун жаңы түрүн эске алуу менен талдоонун негизинде мамлекеттик аппаратты өркүндөтүү жана бул процесстеги Президенттин ролу боюнча сунуштамалар иштелип чыгарылды;

– Мамлекет башчысынын мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун, Кыргыз Республикасынын президентинин отставкасын ишке ашыруунун жолдору жана президенттик бийликтин транзитинин саясий жана укуктук көйгөйлөрүн чечүү боюнча сунуштар иштелип чыгарылды.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык мааниси биринчи кезекте азыркы Кыргызстандагы президент институтунун көйгөйлөрүн изилдеп чыгып, президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институтунун өнүгүүсүнүн саясий факторлору жана перспективалары боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууда жатат.

Автор иштеп чыккан айрым тыянактар менен практикалык сунуштар улуттук мыйзамдарды жакшыртууда, Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигин уюштурууда да колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын теориялык жоболору жана тыянактары Кыргыз Республикасынын саясий илиминин тиешелүү аспектилери боюнча эмгектерди жаратууда, жогорку окуу жайларында саясат таануу сабактарын өтүүдө да колдонулушу мүмкүн.

Жактоого чыгарылган негизги жоболор:

1. Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун кыргыз президенттигинин жаратылышын ачыктаган өз алдынча саясий укуктук институт катары түшүнүүгө боло тургандыгы тууралуу тыянак негизделген. Бул маанide аны өз алдынча институт катары бөлүү аны анын бири биринен өз ара көз карандысыз болгон түзүүчүлөрүнүн тобу менен жөнгө салынгандыгы менен негизделген. Анын ичинде, кыскартылган легислатуранын бар болуу мүмкүнчүлүктөрүнөн баштап; тигил же бул адамдын президенттик бийлик кылуусунун мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук негиздеринин мазмуну, президенттик ыйгарымдардын мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун бардык учурларынын ишке ашырылуусунун саясий укуктук

мүмкүнчүлүктөрү; тийиштүү актылар менен конкреттүү аныкталган субъектилер менен президенттик бийликтин убактылуу орун басуусунун бардык саясий укуктук шарттарын жана тартипбин камсыз кылуу менен аяктайт.

2. Кыргызстандаг президент институтунун негизделүүсү жана бул кызматка Аскар Акаевдин шайлануусу «эски» жана «жаңы» саясий элиталардын ортосундагы күрөштүн натыйжасы болду. Бирок жаңы мамлекеттик формацияга өтүү жана параллелдүү жана Советтердин вертикалынын көз карандысыз болгон бийликти куруу максатын көздөгөн ушундай саясий укуктук институттун пайда болуусу практика жүзүндө анын максатын так түшүнүүнү камсыз кылган жок.

3. Президент кызматынан мөөнөтүнөн мурда кетүүсү менен байланышкан саясий кырдаалдар Кыргызстанда гана эмес болуп жаткандыгы тууралуу тыянак негизделген. Бирок өзүнүн саясий өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мөөнөтүнөн мурда легислатуранын негиздеринин камсыздалуусуна болгон ыкмалар бирдей эмес бирдей эместигине мүнөзүнө ээ. Казакстан Республикасында мыйзамчыгаруучулук тартипте президенттин отставкага кетүүгө болгон түздөн түз укугу жок. Кыргызстанда жана Өзбекстан Республикасында мамлекет башчысынын мөөнөтүнөн мурда кызматынан кетүүсү жана өлкө башчысынын кызматын убактылуу ордун ээлөө биринчи кезекте бийликке келгендердин чечими менен коштолгон.

4. А. Акаевдин, К. Бакиевдин жана А. Атамбаевдин “Кыргыз Республикасынын экс-президент” статусунан ажыратуу тууралуу чечими биринчи кезекте саясий болгондугу тууралуу тыянак негизделген.

5. Укуктун жана саясат таануунун көз карашы менен президентке импичмент тууралуу түрдүү түшүнүктөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Эгерде укуктук көз караш менен парламент же башка ага ыйгарымдуу болгон бийлик органы тарабынан кызматынан бошотуунун бардык процедуралары президенттик ыйгарымдардын мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун жана жазык жоопкерчилигине биринчи негиз катары түшүндүрүлсө, анда саясий илимде – мамлекет башчынын жоопкерчилигинин өзүн түшүндүрөт.

6. Отставка жана оор ооруу түрүндөгө президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуунун учурлары авторитардык режимдеги өлкөлөргө таандык эместиги тууралуу тыянак негизделген.

7. Парламент тарабынан импичментти ишке ашыруу мезгилинде мамлекет башчынын отставкага берүүнүн саясий укуктук мүмкүнчүлүгүн бар болуусу орундуу эмес экиндиги жөнүндө тыянак негизделген. Мындай түрдөгү президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу дискредитация жана президенттик бийликке ээ болгон субъектинин жоопкерчиликтен качуусу катары бааланнуусу керек. Ошого байланыштуу мыйзамчыгаруучулук деңгээлде импичмент жарыяланган мезгилде президенттик ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда бүтүргөн адамга «Кыргыз Республикасынын экс-президент» статусун алуу укугун чектөө сунушталат.

8. Кыргызстанда президенттик бийликке убактылуу ээ болгон субъектилердин ыйгарымдарында жашырылган чектөөлөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Анын ичинде, мындай ишмердүүлүктү убактылуу аткарган адам расмий киришүүгө жана «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусун алууга укугу жок. Ошону менен биргеликте ата мекендик мыйзамчыгаруучулук мындай субъектинин отставкага кетүү жана импичментке дуушар болуу укугунун мүмкүнчүлүктөрү же чектөөлөрү тууралуу эч нерсе белгилебейт.

9. Эсеп боюнча Кыргызстандын төртүнчү президенти С. Жээнбековдун орун алган октябрь окуяларынын кесепетинен отставкага кетүүсү, жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын премьер-министри С. Жапаровдун пайдасына парламенттин спикери К. Исаевдин президенттик кызматты убактылуу ээлөөдөн өз ыктыяры менен баш тартуусу, президенттик шайлоолорго катышуусу менен байланыштуу Министрлер кабинетинин башчысынын мындай ыйгарымдарды аткаруудан баш тартуусу, Кыргыз

ыйгарымдарды жаңы шайланган парламенттин спикери Т. Мамытовго берүү максатында аткарбоосу президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу тууралуу жана тигил же бул субъекти менен убактылуу ордун ээлөөсү жөнүндө критерийлердин толук комплексинин жоктугу тууралуу билдирет. Ошого байланыштуу мындай кырдаал боюнча Кыргыз Республикасыны өз алдынча мыйзамын кабыл алуу сунушталат.

10. Борбордук Азиялык региондо президенттик ыйгарымдардын мамлекет башчысынын укукка жөндөмсүздүк катары учурларынын формалдуулугу тууралуу тыянак негизделген. Анын далили болуп Өзбекстандын саясий истеблишменти тарабынан И. Каримовду оор ооруусу тууралуу маалыматты билдирбөө, жашыруу эсептелет. Себеби эсеби боюнча мамлекеттин биринчи башчысынын бийлигинин мөөнөтүнөн мурда таанылуусу анын өлүмүнөн кийин гана чечилет.

Изденүүчүнүн жеке салымы саясий илимге биринчи кезекте диссертациялык изилдөөнүн жаңылыгы менен, андагы мамлекеттик башкаруунун республикалык формасынын кыргызстандык моделинин автордук концепциясы менен, азыркы Кырызстандагы президент бийлигинин мөөнөтүнөн мурда токтотулуу институтун өркүндөтүүнүн актуалдуу маселелерин иштеп чыгуудагы автордук тыянактар жана сунуштар менен аныкталат. Ошондой эле автордун басмадан чыккан эмгектеринин теориялык жана практикалык мааниси менен да шартталат.

Негизги жоболор, корутундулар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э. А. Алиев атындагы Академиясынын бакалавр жана магистратурадагы окуган студенттер үчүн "Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы" сабактары боюнча сабактарды өткөрүүдө колдонулган. Изилдөөнүн жүрүшүндө козголгон көйгөйлөрдүн көптөгөн аспектилери Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо факультетинде окуп жаткан укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн окутулуп, "Коррупцияга каршы мамлекеттик саясат" курсунда чагылдырылды.

Ошондой эле, изилдөөдө бир катар сунуштар Кыргызстан эл аралык университетинде “Мамлекет жана укук теориясы”, “Салыштырмалуу укук” сабактарын окутуу учурунда текшерилген.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары ар кандай конференцияларда жана семинарларда билдирилген. Диссертациялык изилдөөнүн айрым суроолору автор тарабынан эл аралык илимий иш-чараларда баяндама түрүндө берилген: илимий-практикалык конференция (эл аралык катышуу менен) "Мамлекет жана дин: радикализмдин жана диний экстремизмдин көрүнүштөрүнө каршылык көрсөтүү маселелеринде өз ара аракеттешүү» (2016-жылдын 28-апрелинде), илимий практикалык конференция «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусу: тажрыйбасы жана перспективалары» (2016-жылдын 4-ноябры), тегерек стол «Кыргыз Республикасынын саясий системасы: теориянын жана практиканын суроолору» (2017-жылдын 28-февралы), эл аралык илимий практикалык конференция «Укук, коом, мамлекет: теориянын, тарыхтын жана практиканын көйгөйлөрү» (2018-жылдын 25-майы); эл аралык илимий практикалык конференция «Мамлекеттин укуктук жана социалдык гуманитардык өнүгүүсүнүн актуалдуу көйгөйлөрү» (2019-жылдын 31-майы), эл аралык илимий практикалык конференция «Адамдын жана жарандардын укуктарын коргоодо мамлекеттин жана коомдун актуалдуу көйгөйлөрү» (Россия Федерациясы, ИИМдин Уфа юридикалык институту, 2020-жыл); эл аралык семинар (онлайн) "Укукту санариптештирүү: заманбап чакырыктар жана тенденциялар" (Россия Федерациясы, Красноярск, Россия Федерациясынын Ички иштер министрлигинин Сибирь юридикалык институту, 2020-жылдын 28-февралы).

Диссертация жыйынтыктарынын толук жарыяланышы. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары илимий макаларда, ошондой эле монографияда чагылдырылган.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү. Диссертация киришүүдөн, төрт главадан, 11 бөлүмдөн, корутундулардан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Төрагалык кылуучу**:Изденүүчүгө суроолор барбы?

**Саясий илимдердин доктору Т.Т. Шаболотов**: Урматтуу диссертант, сизге мындай суроо берейин, сиздин бул тема тандоого кандай негиздер бар болду экен?

**Изденүүчү У. Есенов**: Суроонузга чоң рахмат. Мен буга чейин айтып кеткендей, биздин мамлекетибиздеги изилдөөнүн темасы боюнча тажрыйбасы, тактап айтканда Кыргызстандын биринчи президенти Аскар Акаев, кийинки президенттер Курманбек Бакиев жана Сооронбай Жээнбеков мамлекет башчысы кызматынан мөөнөтүнөн мурда кеткендиги баарыбызга белгилүү. Бирок башкы суроолор алардын бирөөсү даг президенттик ордунан кеткен эместиги отставканын саясий укуктук жаратылышынын өзү өз ыктыярдуулуктун жоктугун көрсөттү. Аталган маселелерди чечүүгө болгон умтулуу жана аракетибиз бул теманы тандоого негиздүү түрткү болуп эсептелди.

**Саясий илимдердин доктору Т.Т. Шаболотов**: Кыргызстандын президенттиги кызматына талапкер болгондордун башка да жарандыгы бар же жок экендигин текшерүү боюнча ченемдер канчалык деңгээлде ишке ашты, бул боюнча чыныңызды айта аласызбы?

**Изденүүчү У. Есенов**: Тилекке каршы, ачыгын айта турган болсок, кыргыз мамлекетинин гана жараны болууга тийиш деген талапты иш жүзүндө аткаруу мүмкүн эместей. Анткени, башка мурунку советтик өлкөлөр, өздөрүнүн ченемдик базаларында ошол жарандарды коргоо жөнүндө мыйзамдары бар болгондуктан Боршайкомдун суроо-талабына жооп беришкен жок. Ушуга байланыштуу бүгүнкү күндө мындай талап ишке ашпай турган мүнөзгө ээ экендигин ачык моюнга алышыбыз керек. Биз диссертациябызда бул маселени да карап чыктык.

**Саясий илимдердин доктору, профессор А.А. Сабиров**: 2011-жылы өткөн президенттик шайлоо тууралуу талдоо жүргүзүп, мен илимпоз катары сизге бир суроо бергим келет. Сиз эмнеге байланыштуу президентке талапкерлердин саны ушунчалык көп болду деп ойлойсуз? Же алардын бардыгы мамлекет башчысы болгулары келди беле?

**Изденүүчү У. Есенов**: Жакшы суроонузга рахмат. 2011-жылы президентке талапкерлердин саны 90го чейин жеткендиги, бул сөзсүз биздин менталитеттен жана улуттук мыйзамдардын өркүндөбөгөндүгүнөн. Талдоо жүргүзүп көрүп, ошондой эле 2011-жылы кыргыз мамлекетинин башчысын шайлоону уюштурууга тикеден тике катышкан жеке тажрыйбамды эске алганда, президенттик мандатка ээ болгусу келген жарандардын негизги бөлүгү кыргыз коомундагы терс көрүнүштөрдү жана көйгөйлөрдү чечтетүү боюнча өз идеяларын ишке ашыруу үчүн эмес, биринчи кезекте өз пайдасын көздөп талапкерликке барып жатат, деген тыянакка келдик.

**Саясий илимдеринин доктору Т.Т. Шаболотов**: Айтсаңыз, кайсы өлкө өз конституциясында бийликтерди бөлүштүрүү теориясын биринчи болуп ишке ашырган?

**Изденүүчү У. Есенов**: Суроонуз үчүн рахмат. Диссертациялык изилдөөнүн алкагында биз бийликтерди бөлүштүрүү теориясын эң алгачкы маанисинде ишке ашырган жана президент институтун уюштурган биринчи өлкө Америка Кошмо Штаттары экендигин так аныктадык. АКШда президенттик бийликти түзүүнүн эң башкы жүйөсү биринчи кезекте, монарх институтун жоюу, атап айтканда, аны өзгөртүү болгон. Экинчиден, мындай кызматтын болушу күчтүү жеке башкаруудагы аткаруу бийлигин орнотууну камсыз кылуу болгон. Мындай бийлик мамлекеттик иштерди тез, чечкиндүү аткаруусу жана жоопкерчилиги менен мүнөздөлгөн.

**Саясий илимдердин кандидаты К.Ч. Султанбеков**: Эсиңиздерде болсо, биздин коомдо Аскар Акаев тарабынан президенттик ишмердикти удаасы менен эки мөөнөттөн ашык аткарып, мыйзамды бузду деген маселе көтөрүлгөн? Сиз доктордук диссертацияңызда ушул саясий маселени изилдеп көрдүнүзбү?

**Изденүүчү У. Есенов**: Албетте, ал маселени изилдебесек, диссертациянын өзү да сапаттуу болмок эмес. Эстеп көрсөк, андай демилге А.А. Акаевдин өзү тарабынан көтөрүлгөн эмес.

Андай сунушту биринчи кезекте кыргыз парламентиндеги президентти жактаган өкүлдөр, атап айтканда депутаттар:Э.Ж. Исмаилов, Б.Х. Гогаевжана башкалар көтөрүп чыккан. Алардын оюнча 1991-жылы А.А. Акаевди мамлекет башчысы кылып Кыргыз ССРинин 1978-жылдын 20-апрелиндеги Конституциясынын негизинде бүткүл эл шайлаган имиш. Ошондуктан, 1994-жылы өткөрүлгөн президенттик ыйгарым укуктарга байланышкан референдумА.А. Акаевди Кыргызстандынпрезиденти кылып Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 5-майындагы Конституциясынын 43-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган мөөнөткө шайлоого эч кандай тиешеси жок өңдүү.

Жогоруда аталганпарламентарийлердин позициясына кыргыз парламентинин башка депутаттары макул болбогондугун белгилей кетишибиз керек. Маселен, И.Д. Кадырбеков, Д.С. Садырбаев, М.Ш. Чолпонбаев жана А.К. Мадумаровдун пикири боюнча, мамлекет башчысы А.А. Акаев 2000-жылдагы Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого катышууга укуктуу эмес болчу, анткени ал эки жолу: 1991 жана 1995-жылдарда бүткүл эл тарабынан шайланган жана бул кызматта экинчи мөөнөтүн өтөп жаткан.

Ошол кезде “Негизги мыйзамдын” корголушун камсыз кыла алган Конституциялык сот гана бири-бири менен каршылашкан жана өздөрүнүн статусу боюнча укугу бирдей болгон эки топтун талашын чече алмак.

Баарыбызга белгилүү болгондой, анда Конституциялык орган президент Аскар Акаевдин пайдасына чечим чыгарып, муну менен бул ченемдин декларативдүүлүгү прецедентин түзгөн.

**Саясий илимдердин кандидаты К.Ч. Султанбеков**: Демек, Аскар Акаев түзгөн прецедент акыры 2005-жылдагы март окуяларына алып келди десек туура болобу. Сиздин оюңузча кайсынысы туура? Дегеле мурунку советтик мейкиндикте оң практика барбы?

**Изденүүчү У. Есенов**: Албетте,мурунку советтик мейкиндикте андай практика бар. Биздин оюбузча биринчи президент Аскар Акаев үчүн бул абалдан чыгуунун бирден-бир жолу өзүнө «берилген» жана аны «уккан» адамды шайлоого катыштыруу болчу, ошондо анын аракети конституциялык нукка түшмөк. Өз адамынын президенттик мөөнөтү бүтүшүн күтүп, анан мамлекет башчылыгына талапкерлигин кайрадан коё алмак. Анткени “Негизги мыйзам” буга жол берген. Мисалы, өз учурунда 2000-жылы шайланган Россиянын президенти В.В. Путин ушундай кылган. Эки президенттик мөөнөттөн кийин, «Үч жана андан ашык мөөнөткө удаасы менен шайланууга тыюу салуу жөнүндө» конституциялык ченемди бузбастан, ал тургай өзгөртпөстөн алөз ордун бир президенттик мөөнөткө Д.А. Медведевге «бошотуп берген».

**Саясий илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков**: Урматтуу диссертант, Кыргызстандын биринчи президентин шайлоо кандайча өткөнүн айтып бере аласызбы?

**Изденүүчү У. Есенов**: Суроонузга рахмат, диссертацияда биз муну да чагылдырдык. Кыргыз ССРинин биринчи президентин шайлоо кыйыр түрдө, башкача айтканда жарандардын катышуусу жок өткөн. Мамлекет башчысын шайлоонун мындай форматы Кыргызстандын аймагында бир жолу гана колдонулган.

**Саясий илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков**: Анда өлкөнүн биринчи Президенти Аскар Акаев эмнеге таянып конституциялык реформаларды тез-тез өткөрүп турган? Жана алар кандай мүнөздө болгон?

**Изденүүчү У. Есенов**: Кыргызстандын биринчи президенти А.Акаевдин референдум өткөрүүгө ыйгарым укугуконституциялык реформаларды тез-тез өткөрүүнүн жана элдин басымдуу бөлүгүнүн колдоосун алуунунбирден-бир «куралы» болгон. Изилдөө көрсөткөндөй, улуттук шарттарды жана укук маданиятынын даражасын эске алганда, мындай укук терс мүнөзгө гана ээ.

**Философия илимдеринин кандидаты** Х.А. Абдужапаров: Бизде таза түрдөгү парламенттик башкаруу формасы жок, деп айта алабызбы, сиздин оюңуз кандай бул маселе тууралуу?

**Изденүүчү У. Есенов**: Албетте, биз өзүбүздүн диссертациябызда башкаруунун тигил же бул түрү таза болбостугун көрсөттүк. Биз президенттик демократиянын жолуна түштүк. Андыктан, президенттин бийлик укуктары ага жараша бекемделди.

**Кенже илимий кызматкер А. Илебаева**:Сиз, урматтуу диссертант, 2005-жылдагы март окуялары эмнеге алып келгендигин айта аласызбы?

**Изденүүчү У. Есенов**: Суроонузга рахмат. Өлкөнүн биринчи президенти Аскар Акаев өлкөдөн кетүүгө мажбур болгондон кийин Кыргызстанда бир эле учурда бүтүндөй үч президент, эки өкмөт жана үч парламент иштеген прецедент түзүлгөн. Анда Аскар Акаев, Ишенбай Кадырбеков жана Курманбек Бакиев президент болушкан. Алардын бирин чиси, юридикалык көз караштан алганда, өзүнүн Жарлыктарын «КР Президенти» деген мөөр басып чыгарууга укугу бар бирден-бир адам эле. Ишенбай Кадырбековду Жогорку Кеңештин «эски» чакырылышынын Мыйзам чыгаруу жыйыны 24-марттагы жабык жыйынында убактылуу президент кылып дайындаган. Президенттердин үчүнчүсү Курманбек Бакиев эле, аны 25-мартта түн ичинде Эл өкүлдөр жыйынынын депутаттары президенттин милдетин аткаруучу кылып шайлаган. Бул чаташкан жагдайга биротоло чекитти Акаевдин отставкасы жана кезектеги президенттик шайлоону дайындоо гана коё алмак, ал жерде Кыргызстан жаңы мамлекет башчысын шайламак. Бирок Аскар АкаевКурманбекБакиевдин шайланышында, ИшенбайКадырбековду да таанybай туруп алган. Республикада ал айткандай, конституцияга каршы мамлекеттик төңкөрүш болуп өткөн.

**Илимий кызматкер М.М. Шамшибаев**: Парламенттеги бир саясий партия мамлекеттик бийликтин калган бутактарын түзүшү канчалык адилеттик болгондугу тууралуу өзүңүздүн пикириңизди билдиреп бериңизчи?

**Изденүүчү У. Есенов**: Башында мамлекет башчысы өзү турган бир саясий партия тарабынан бийликтин аткаруучу жана сот бутактарын түзүү, мисалы Курманбек Бакиев башкарып тургандай, Жогорку Кеңештеги башка саясий партияларды тең эмес шартка коёт, деген тыянакка келдик. Анткени, бир саясий партия түзгөн Өкмөт үчүн жоопкерчиликти кийин башкалар тартып калышат экен.

**Илимий кызматкер М.М. Шамшибаев**: Мен сизге экинчи суроомду берейин. Апрель окуяларынан кийин Бакиевдин башкаруусунда түзүлгөн бир катар стратегиялык органдарды камтыган Президент институту эмне болду?

**Изденүүчү У. Есенов**: Туура айтасыз, чынында эле ушундай институт болгон. КРдин экинчи Президенти Курманбек Бакиевдин отставкасы ал түзгөн Президент институтунун жоюлушуна гана эмес, ошондой эле кийинчерээк Кыргызстандын 2007-жылдын 21-октябрындагы Конституциясынын бузулушуна да алып келди.

**Философия илимдердин кандидаты А.А. Смутко**: Айтсаңыз, Кыргызстандын биринчи Президенти Аскар Акаевэкс-президент макамына ээби?

**Изденүүчү У. Есенов**: Таза юридикалык көз караштан алганда Кыргызстан экс-президенти Аскар Акаев андай макамга ээ болууга тийиш. Ошону менен бирге, тилекке каршы, саясий чечимге ылайык биринчи мамлекет башчысы, экинчиси да андай макамга ээ эмес.

**Саясий илимдеринин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков**: Сиз өз көз карашыңызды гана билдирип жаткан жоксузбу? Башкача айтканда, Р.И. Отунбаева гана ушундай макамга ээ туурабы?

**Изденүүчү У. Есенов**: Адбетте жок, биз жүргүзгөн талдоодон тышкары, конституциялык мыйзамдуулук боюнча парламенттик комитетке суроо жөнөтүлгөн. Андан дал ушундай жооп келген. Ооба, сиздин айтканыңыз туура, бүгүнкү күндө Р.И. Отунбаева гана ушундай макамга ээ.

**Философия илимдердин кандидаты Х.А. Абдужапаров**:Урматтуу диссертант, эгерде биздин практиканы эске ала турган болсок, анда Кыргызстанда гана тигил же бул жагдайда саясий чечимдер тез-тез кабыл алына тургандыгын айтсак болобу?

**Изденүүчү У. Есенов**: Туура айтасыз, биздин өлкөдө мындай практика өтө көп колдонулат. Тарых көрсөткөндөй, негизинен ага дал ушул биздин президенттер күнөөлүү.

**Төрагалык кылуучу**: Изденүүчүгө дагы суроолор барбы?

**Башка суроолор жок**.

**Төрагалык кылуучу**: Эгерде, диссертациялык изилдөө боюнча башка суроолор болбосо, диссертацияны талкуулоонун расмий бөлүгүнө өтөөрдөн мурда сөздү илимий консультантына, саясий илимдеринин доктору, доцент Канатбек Азизге берүүгө уруксат этиңиздер.

**Саясий илимдеринин доктору, доцент Канатбек Азиз**: Урматтуу кесиптештер, У. Есеновдун монографиялык эмгеги актуалдуу темага арналган. Автордун эмгегинин түзүлүшүн жана мазмунун карай турган болсок, буга чейин эч ким мындай изилдөө жүргүзгөн эмес.

Мен эмгектин өзүнүн комплекстүү мүнөзүнө, анын илимий жаңылыгына көңүлүңүздөрдү бургум келет. Изденүүчү өз изилдөөсүнүн чегинде азыркы Кыргызстандагы президенттин мөөнөтүнөн мурда отставкага кетүү институтуна арналган эмгегин саясий көз караштан талдап чыккан. Биздин изденүүчү чынында эле чоң көлөмдөгү эмпирикалык материалды, биринчи Президент Аскар Акаев менен экинчи президент Курманбек Бакиевдин башкаруу практикасын иликтеп чыгып, кийинки президенттер Р.И. Отунбаева менен А.Ш. Атамбаевдерге да токтолгон.

Байкап көрсөңүздөр, изденүүчү кыргыз мамлекет башчысынын институтун өркүндөтүү боюнча бир катар сунуштарын киргизген. Менин оюмча, негизги жоболордун толуктугу жана натыйжалары жагынан диссертация эч шек туудурбайт. Диссертациянын бардык бөлүмдөрүндө илимий эмгектер изилдөөгө алынган жана ал эмгектерге талдоо жасалып, жыйынтык чыгарылган. Диссертация өз алдынча бүткөрүлгөн эмгек болуп саналат, анын теориялык бөлүгүнүн сапаттык деңгээли жогору, ошондуктан коргоого сунуш кылынууга тийиш деп эсептейм. Ошондуктан, урматтуу кесиптештер, колдоп коюңуздарды өтүнөм.

**Төрагалык кылуучу**: Рахмат, урматтуу Канатбек Азизович. Урматтуу кесиптештер, илимий консультантына болгон суроолор барбы? Эгерде суроо болбосо, У. Есеновдун диссертациялык изилдөөсүн талкуулоонун расмий бөлүгүнө өтөлү. Урматтуу кесиптештер! Диссертант жүргүзүлгөн изилдөөнүн максатын, милдетин жана негизги жоболорун кең-кесири баяндап берди.

Эми, эгерде уруксат берсеңиздер мен сөздү расмий рецензенттерге берейин. Талкуу үчүн сөз рецензент, саясий илимдердин доктору Т.Т. Шаболотовго берилет.

**Рецензент, саясий илимдердин доктору, профессор Ж.Ж. Жоробеков**: Мен бул диссертациянын талкууланышына активдүү катыштым. Андыктан, азыр өз корутундуларыма кыскача токтолоюн. Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун жана жаңылыгын өзгөчө белгилеп кетким келет. Анткени, иш жүзүндө көз каранды эмес Кыргызстандын ата мекендик тарыхына тикеден тике кайрыла турган болсок, анда биздин өлкө башкаруунун бир нече түрүн колдонгондугун көрөбүз. Алардын бардыгы өз алдынча идеалдуу, бирок алар биздин менталитетке канчалык ылайык келет. Ушул маселелердин бардыгын диссертант жетиштүү деңгээлде сапаттуу изилдегендигин көрүп турам.

Эгерде көңүлдү бүткөн иштин натыйжасына бура турган болсок, анда изденүүчүнүн сунуштары жана чыгарган тыянактары урматтоону пайда кылат, алар абдан кызык, теориялык жактан негиздүү жана практикалык мааниси бар.

Ошону менен бирге, өзүңүздөр билгендей бир дагы эмгек суроо туудурбай койбойт. Мисалга алсак, ички жана тышкы саясатты биздин өлкөнүн негизги мыйзамына киргизбөө иштеп чыгуучулар тарабынан атайын жасалып жаткан жокпу? Бул биринчи суроо. Экинчиден, сиз мындай ыйгарым укуктун жоктугун негиздеп жаткан соң, бул укукту

президентке берүүнү туура деп эсептейсизби? Үчүнчүдөн, мурда берилген суроолордон тышкары автор диссертацияны жол-жоболоштурууга кыйла кылдат мамиле жасоосу, атап айтканда, библиографиясын жана шилтемелерин Кыргызстандын ЖАКынын жаңы талаптарына ылайык келтирүүсү, ошондой эле авторефераттагы көрсөтүлгөн авторлорго шилтемелерди келтирүүсү керек деп эсептейм.

Корутундусунда бул айтылган эскертүүлөр анчалык чоң эмес жана аларды четтетсе болот. Есенов Уланбек Аскаралиевичтин доктордук диссертациясын айтылган сын пикирлерди эске алуу менен 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиктиги боюнча илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга коргоого сунуш кылсак болот.

**Төрагалык кылуучу**: Сунуш кылган рецензияңыз үчүн рахмат. Коюлган суроолорго У. Есенов жоопココ бересизби?

**Изденүүчү У. Есенов**: Сизге менин эмгегимди кылдаттык менен иликтеп чыкканыңыз үчүн ыраазылык билдирем. Сиз койгон биринчи жана экинчи суроолорго токтолсом, чынында эле 2010-жылы Кыргызстандын жаңы Конституциясын кабыл алуу менен мамлекет башчысы өлкөнүн ички жана тышкы саясатын жүргүзүү укугунан ажырап калган. КР Президенти өлкөнүн ичинде жана анын чегинен тышкары жерлерде Кыргызстандын атынан чыгуу мүмкүнчүлүгүнө гана ээ.

Ошону менен бирге, аны президенттик ыйгарым укуктар бөлүмүнөн алып салуу менен, иштеп чыгуучулар иш жүзүндө аларды парламенттик же өкмөттүк ыйгарым укуктардын чөйрөсүнө киргизүүнү унутуп коюшкан. Дал ушул жагдай мамлекет башчысы үчүн өлкөдө жана анын чегинен тышкары жерлерде тигил же бул чечимди өз алдынча кабыл алуусунун себеби болуп калгандыгын көрсөтө кеткибиз келет. Мурунку советтик мейкиндикте Кыргызстан мамлекет башчысы ички же тышкы саясат жүргүзө албаган бирден бир өлкө болуп санала тургандыгын ырастоо менен биз «ички жана тышкы саясатты жүзөгө ашыруу» милдети кантсе да парламенттик ыйгарым укуктарга кирүүгө тийиш деп эсептейбиз. Анткени, өлкө парламенттик демократия орнотууга багыт алган азыркы шартта бул өтө зарыл.

Ал эми үчүнчү сунушуңуз туурасында айтканда, мен рецензент менен макулмун, Диссертациялык кеңешке документтер берилгенге чейин анын бардыгы четтетилет.

**Төрагалык кылуучу**: Кийинки сөз экинчи рецензент, саясий илимдеринин доктору, профессор А.А. Сабировго берилет.

**Саясий илимдеринин доктору, профессор А.А. Сабиров:** Эң оболу эмгек жетиштүү жогорку деңгээлде аткарылгандыгын белгилегим келет. Изилдөө теориялык жоболору жана тыянактары менен баалуу жана азыркы Кыргызстандагы президент институтунун маңызы жөнүндө көз караштарды өнүктүргөн жана тереңдеткен. Эмгек илимий жаңылыктардын элементтерин камтыйт, алар эң оболу колдонуудагы мыйзамдарга жана саясий базага таянып, биринчи жолу диссертациялык деңгээлде кыргыз мамлекетинин башчысын саясий-укуктук жактан изилдеп чыккан. Эмгекте белгилүү саясий жагдайларда учуроочу айрыкча көйгөйлүү жагдайларга саясий жана укуктук баа берүү боюнча илимий-негизделген сунуштар киргизилген. Автор алдына койгон милдеттерин ийгиликтүү аткарган. Албетте, эмгекте айрым талаш маселелер учурайт, бирок аларда жаңылыш жоболор жок экендигин өзгөчө белгилегибиз келет. Мазмуну боюнча диссертациялык эмгек көрсөтүлгөн илимдердин эки шифрине ылайык келет, автор диссертациянын теориялык бөлүгүн баяндоодо башка изилдөөчүлөрдүн жолун түшкөн эмес, эмгектин жаңылыгы да мына ушунда турат. Жалпысынан алганда эмгек жеткиликтүү, сабаттуу жазылган, сарамжалдуу жол-жоболоштурулган. Диссертант ар бир параграф боюнча тыянак чыгарганы жакшы пикир калтырат. Талкуу учурунда менин оюмча талаштуу көрүнгөн суроолор берилгендиктен аларды кайталап берүүнүн зарылчылыгы жок деп ойлойм. Андыктан, Азиз Канатбектиндоктордукдиссертациясын коргоого сунуш кылууга болот.

**Төрагалык кылуучу**: Кийинки сөз үчүнчү рецензент саясий илимдеринин доктору Т.Т. Шаболотовго берилет.

**Саясий илимдеринин доктору Т.Т. Шаболотов**: Сиздердин убактыңыздарды албай кыскача айта турган болсок, Есенов Уланбектин доктордук диссертациясы Кыргызстандын саясий, ошондой эле укуктук илими үчүн олуттуу мүнөзгө ээ болгон изилдөө болуп саналат. Бул тема буга чейин теориялык жана практикалык жактан жакшы изилденген эмес.

У. Есенов илимий иштерди жигердүү жүргүзүп жаткандыгын эске алганда, ал муну менен эле токтолуп калбай, мындан ары Жакынкы Чыгыш мамлекеттеринин башчыларына да көбүрөөк көңүл буруп, изилдөөгө алат деп ишенгим келет. Анткени, бул өлкөлөрдө мамлекет башчылары негизинен монархтар жана алардын статустары да башка.

Жалпысынан, монографиялык эмгек коргоого коюлуп жаткан жоболор такталгандан кийин: 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча илимдин доктору илимий даражасын изденип алууга сунушталса туура болот.

**Төрагалык кылуучу**: Диссертация рецензенттер тарабынан жетиштүү деңгээлде сапаттуу изилденген, деген ишенимдүү тыянак чыгарсак болот. Дагы сүйлөөчүлөр барбы? Эгерде жок болсо, сөз изденүүчүнүн өзүнө берилет.

**Изденүүчү У. Есенов**: Урматтуу кесиптештер жана рецензенттер! Мага көрсөткөн колдооңуздар, ошондой эле менин диссертациялык изилдөөмдү өркүндөтүү жагынан баалуу жана конструктивдүү сунуш-пикириңиздер үчүн өзгөчө ыраазылык билдиргим келет. Диссертациялык кеңешке сунуш кылардын алдында мен алардын бардыгын эске аламын.

**Төрагалык кылуучу**:Биздин кесиптештердин билдирген пикирлери негизинен сунуш мүнөзүндө, андыктан диссертациянын практикалык маанисине берилген оң баага таасирин тийгизбейт. Ушуну эске алганда: «Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)» 23.00.02 – саясий институттар; процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору илимий наамын изденип алуга Есенов Уланбек Аскаралиевичтин диссертациялык изилдөөсүн жактоого сунуштоону жана андан ары кароо үчүн Диссертациялык кеңешке берүүнү сунуштайм.

***Добуш бериңиздер?***

Ким “МАКУЛ”?

**Добуш берүүнүн жыйынтыгы: “МАКУЛ”** – талдоого катышкандардын баардыгы бир добуш менен колдоп берди.

“КАРШЫ” – жок.

“КАЛЫС” – жок.

Добуш берүүнүн жыйынтыгында бардыгы бул сунушка “МАКУЛ”.

## КОРУТУНДУ:

Илимдин доктору илимий даражасын изденип алууга Есенов Уланбек Аскаралиевичтин диссертациясын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынан Философия жана Саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Саясат таануу бөлүмүнүн чечиминин негизинде төмөнкүдөй корутундуга келишти:

1. **Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу**. Изденүүчү Есенов Уланбек Аскаралиевич диссертация катары тандап алган проблема ата мекендик саясат таануу илимине жакшы изилденген эмес жана азыркы шартта актуалдуу болуп саналат.

Постсоветтик мамлекеттердин саясий тарыхы саясий элиталар үчүн мындай институттун түзүлүүсү ишенимдүү болгондугун тастыктайт. Анткени ал 1991-жылдагы

россиялык, украиналык жана белоруссиялык жетекчиликтердин СССР катары өлкөнүн жок болуусу тууралуу декабрьдагы чечиминен көз карандысыз түрдө сакталып келген.

Ошону менен биргеликте президенттик бийликтин чектеринин так аныкталуусунун жоктугуна байланыштуу президент институтунун ошол мезгилдеги советтик мамлекеттердин демократиялык формасына саясий трансформациясынын катализатор ролун аткаргандыгына карабастан саясий истеблишмент саясий катаклизмдер, президент менен парламенттин ортосундагы мамилелердин курчуусу менен кагылышты.

Ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулар, бир жагынан, бул маселенин ар тарабына көңүл бөлүшкөнү менен, экинчи жагынан, бирдей эле тыянакка келишип, жогоруда белгиленген аталмаларга так аныктама берип, бири-биринен өзгөчөлөнгөн белгилерин так ажыратып көрсөтө алышкан эмес.

Тилекке каршы, тарых көрсөткөндөй, белгиленген реформа президенттик бийликтин модернизациялануусунун башы гана болгон. Тигил же бул социалдык, саясий жана башка себептерге шилтеп отуруп, биздин өлкөбүздүн Конституциясы көп жолу «жасалууга» дуушар болду. Мисалы, бүгүнкү күндө да Кыргызстан президенттик башкаруунун өзүнүн улуттук моделин негиздеген жаңы редакциясынын кабыл алуусунун босогосунда турат.

Изилдөөнүн темасынун актуалдуулугун негиздөө менен Кыргызстандын саясий тажрыйбасы тууралуу үн чыкпай коюу туура эмес болмок. Кыргызстандын биринчи президенти Аскар Акаев, кийинки президенттер Курманбек Бакиев жана Сооронбай Жээнбеков мамлекет башчысы кызматынан мөөнөтүнөн мурда кеткендиги баарыбызга белгилүү. Бирок башкы суроолор алардын бирөөсү даг президенттик ордунан кеткен эместиги отставканын саясий укуктук жаратылышынын өзү өз ыктыярдуулуктун жоктугун көрсөттү. Кыргыз мамлекетинин башчысынын кызматын эсеби боюнча биринчи жана экинчи болуп ээлеген өлкө башчылары кийинчерээк «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусунан айрылышкандыгы монографиялык изилдөөнүн жүргүзүү чечимин күчтөндүрүп, бекемдеди.

**2. Диссертацияда баяндалган натыйжаларды алууга автордун конкреттүү жеке катышуусу.**

Диссертацияда изденүүчү төмөнкүдөй илимий натыйжаларды алды:

1. Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун кыргыз президенттигинин жаратылышын ачыктаган өз алдынча саясий укуктук институт катары түшүнүүгө боло тургандыгы тууралуу тыянак негизделген. Бул мааниде аны өз алдынча институт катары бөлүү аны анын бири биринен өз ара көз карандысыз болгон түзүүчүлөрүнүн тобу менен жөнгө салынгандыгы менен негизделген. Анын ичинде, кыскартылган легислатуранын бар болуу мүмкүнчүлүктөрүнөн баштап; тигил же бул адамдын президенттик бийлик кылуусунун мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун саясий укуктук негиздеринин мазмуну, президенттик ыйгарымдардын мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун бардык учурларынын ишке ашырылуусунун саясий укуктук мүмкүнчүлүктөрү; тийиштүү актылар менен конкреттүү аныкталган субъектилер менен президенттик бийликтин убактылуу орун басуусунун бардык саясий укуктук шарттарын жана тартипбин камсыз кылуу менен аяктайт.

2. Кыргызстандаг президент институтунун негизделүүсү жана бул кызматка Аскар Акаевдин шайлануусу «эски» жана «жаңы» саясий элиталардын ортосундагы күрөштүн натыйжасы болду. Бирок жаңы мамлекеттик формацияга өтүү жана параллелдүү жана Советтердин вертикалынын көз карандысыз болгон бийликти куруу максатын көздөгөн ушундай саясий укуктук институттун пайда болуусу практика жүзүндө анын максатын так түшүнүүнү камсыз кылган жок.

3. Президент кызматынан мөөнөтүнөн мурда кетүүсү менен байланышкан саясий кырдаалдар Кыргызстанда гана эмес болуп жаткандыгы тууралуу тыянак негизделген. Бирок өзүнүн саясий өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мөөнөтүнөн мурда легислатуранын негиздеринин камсыздалуусуна болгон ыкмалар бирдей эмес бирдей эместигине мүнөзүнө ээ. Казакстан Республикасында мыйзамчыгаруучулук тартипте президенттин отставкага

кетүүгө болгон түздөн түз укугу жок. Кыргызстанда жана Өзбекстан Республикасында мамлекет башчысынын мөөнөтүнөн мурда кызматынан кетүүсү жана өлкө башчысынын кызматын убактылуу ордун ээлөө биринчи кезекте бийликке келгендердин чечими менен коштолгон.

4. А. Акаевдин, К. Бакиевдин жана А. Атамбаевдин "Кыргыз Республикасынын экс-президент" статусунан ажыратуу тууралуу чечими биринчи кезекте саясий болгондугу тууралуу тыянак негизделген.

5. Укуктун жана саясат таануунун көз карашы менен президентке импичмент тууралуу түрдүү түшүнүктөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Эгерде укуктук көз караш менен парламент же башка ага ыйгарымдуу болгон бийлик органы тарабынан кызматынан бошотуунун бардык процедуралары президенттик ыйгарымдардын мөөнөтүнөн мурда токтотулуусун жана жазык жоопкерчилигине биринчи негиз катары түшүндүрүлсө, анда саясий илимде – мамлекет башчынын жоопкерчилигинин өзүн түшүндүрөт.

6. Отставка жана оор ооруу түрүндөгө президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуунун учурлары авторитардык режимдеги өлкөлөргө таандык эместиги тууралуу тыянак негизделген.

7. Парламент тарабынан импичментти ишке ашыруу мезгилинде мамлекет башчынын отставкага берүүнүн саясий укуктук мүмкүнчүлүгүн бар болуусу орундуу эмес экиндиги жөнүндө тыянак негизделген. Мындай түрдөгү президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу дискредитация жана президенттик бийликке ээ болгон субъектинин жоопкерчиликтен качуусу катары бааланууcу керек. Ошого байланыштуу мыйзамчыгаруучулук деңгээлде импичмент жарыяланган мезгилде президенттик ишмердүүлүгүн мөөнөтүнөн мурда бүтүргөн адамга «Кыргыз Республикасынын экс-президент» статусун алуу укугун чектөө сунушталат.

8. Кыргызстанда президенттик бийликке убактылуу ээ болгон субъектилердин ыйгарымдарында жашырылган чектөөлөрдүн бар болгондугу тууралуу тыянак негизделген. Анын ичинде, мындай ишмердүүлүктү убактылуу аткарган адам расмий киришүүгө жана «Кыргыз Республикасынын экс-президенти» статусун алууга укугу жок. Ошону менен биргеликте ата мекендик мыйзамчыгаруучулук мындай субъектинин отставкага кетүү жана импичментке дуушар болуу укугунун мүмкүнчүлүктөрү же чектөөлөрү тууралуу эч нерсе белгилебейт.

9. Эсеп боюнча Кыргызстандын төртүнчү президенти С. Жээнбековдун орун алган октябрь окуяларынын кесепетинен отставкага кетүүсү, жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын премьер-министри С. Жапаровдун пайдасына парламенттин спикери К. Исаевдин президенттик кызматты убактылуу ээлөөдөн өз ыктыяры менен баш тартуусу, президенттик шайлоолорго катышуусу менен байланыштуу Министрлер кабинетинин башчысынын мындай ыйгарымдарды аткаруудан баш тартуусу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучусу А. Новиковдун президенттик ыйгарымдарды жаңы шайланган парламенттин спикери Т. Мамытовго берүү максатында аткарбоосу президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусу тууралуу жана тигил же бул субъекти менен убактылуу ордун ээлөөсү жөнүндө критерийлердин толук комплексинин жоктугу тууралуу билдирет. Ошого байланыштуу мындай кырдаал боюнча Кыргыз Республикасыны өз алдынча мыйзамын кабыл алуу сунушталат.

10. Борбордук Азиялык региондо президенттик ыйгарымдардын мамлекет башчысынын укукка жөндөмсүздүк катары учурларынын формалдуулугу тууралуу тыянак негизделген. Анын далили болуп Өзбекстандын саясий истеблишменти тарабынан И. Каримовду оор ооруусу тууралуу маалыматты билдирбөө, жашыруу эсептелет. Себеби эсеби боюнча мамлекеттин биринчи башчысынын бийлигинин мөөнөтүнөн мурда таанылуусу анын өлүмүнөн кийин гана чечилет.

Саясий илимдерге **изденүүчүнүн өздүк салымы** биринчи кезекте диссертациялык изилдөөнүн жаңылыгы менен, андагы мамлекеттик башкаруунун жаңы формасынын кыргызстандык моделинин *автордук концепциясы* менен, азыркы Кырызстандагы президенттин мөөнөтүнөн мурда отставкага кетүү институтунун актуалдуу маселелерин иштеп чыгуудагы автордук тыянактар жана сунуштар менен аныкталат. Ошондой эле автордун басмадан чыккан эмгектеринин теориялык жана практикалык мааниси менен да шартталат.

**3. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларынын аныктык даражасы, алардын жаңылыгы жана практикалык мааниси**. Автор изилдөөнүн жүрүшүндө алган негизги илимий натыйжалардын аныктык даражасы ата мекендик жана чет өлкөлүк эмпирикалык маалыматтарды колдонуу менен илимдеги белгилүү ыкмаларды тартуу жана пайдалануу менен шартталган: жаңы илимий талаптардын алкагында ата-мекендик саясий илимде биринчи жолу мамлекеттик башкаруунун жаңы формасынын кыргызстандык моделинин *автордук концепциясы* иштелип чыкты; «президент» түшүнүгүнө автордук аныктама берилди; «президент институту» түшүнүгү боюнча автордун позициясы аныкталды; АКШ, Европа жана Азия өлкөлөрүндө президент институтунун типтүү жана типтүү эмес моделдери талдоого алынды; президенттик республиканын негизги белгилери жана анын өнүгүү тенденциялары аныкталды; башкаруунун парламенттик формасынын негизги белгилери жана анын өнүгүү тенденциялары аныкталды; башкаруунун түрлөрүнүн тигил же бул типтеринин ишке ашырылышынын натыйжалуулугу биринчи кезекте элдин (бийликтин булагы катары) өзүнүн бир катар тарыхый, улуттук жана маданий шарттарына жараша боло тургандыгы далилденди.

**4. Диссертанттын илимий иштеринин баалуулугу**. Биринчи кезекте азыркы Кыргызстандагы президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун институтунун көйгөйлөрүн изилдеп чыгып, анын саясий факторлору жана перспективалары боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууда жатат.

Автор иштеп чыккан айрым тыянактар менен практикалык сунуштар улуттук мыйзамдарды жакшыртууда, Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигин уюштурууда да колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын теориялык жоболору жана тыянактары Кыргыз Республикасынын саясий илиминин тиешелүү аспектилери боюнча эмгектерди жаратууда, жогорку окуу жайларында саясат таануу сабактарын өтүүдө да колдонулушу мүмкүн.

5. **Доктордук диссертация ылайык келген адистик.** Есенов Уланбек Аскаралиевичтин диссертациясынын мазмуну 23.00.02 – саясий институттар; процесстер жана технологиялар адистигине ылайык келет.Эмгекте азыр Кыргызстандагы президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун институтунун саясий-укуктук аспектилери каралды.

6. **Изденүүчү жарыялаган эмгектердеги диссертациянын материалдарын баяндоонун толуктугу**.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору эл аралык-практикалык конференцияларда баяндалган жана автордун илимий эмгектеринде чагылдырылган. КР ЖАКтын доктордук даражасын изденип алуу үчүн жазылган талаптарга толугу менен жооп берет.

7. **Кыргыз Республикасынын ЖАКтын негизги талаптарына диссертациялык изилдөөнүн ылайык келиши.**

Диссертация Кыргыз Республикасынын ЖАКсы талап кылган көлөмдө аткарылган. Анын структурасы изилдөөнүн максаттары жана милдетери менен аныкталат жана өзүнө: киришүүнү, он бир параграфты камтыган төрт главаны, корутундуну, колдонулган адабияттардын тизмесин жана тиркемени камтыйт.

**ТОКТОМ КЫЛДЫ**:

1.“Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолуусунун институту (саясий укуктук изилдөө)” деген темада 23.00.02 – саясий институттар; процесстер жана технологиялар адистиги боюнча илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга Есенов Уланбек Аскаралиевичтин диссертациясын талкуулоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Саясат таануу бөлүмүнүн корутундусу бекитилсин.

2. Есенов Уланбек Аскаралиевичтин 23.00.02 – саясий институттар; процесстер жана технологиялар адистиги боюнча илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу уюштурулган саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө диссертацияларды коргоо боюнча Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуштaлсын.

**Төрагалык кылуучу**:
философия илимдердин доктору,
профессор **А.К. Жусупбеков**

**Катчы**:
философия илимдердин кандидаты **А.А. Смутко**